DOI:10.26104/NNTIK.2022.80.71.055

*Тиллабаева Ж.Ж.*

# АЙМАК ТААНУУ КАРАЖАТЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛООНУН БУЛАГЫ КАТАРЫНДА

*Тиллабаева Ж.Ж.*

# КРАЕВЕДЧЕСКИЕ СРЕДСТВА КАК ИСТОЧНИК ВОСПИТАНИЯ ПАТРИОТИЗМА

*Zh. Tillabaeva*

# LOCAL RESOURCES AS A SOURCE OF EDUCATION OF PATRIOTISM

*УДК: 371.3*

*Азыркы кыргыз коомунун өнүгүү процессинин өзгөчөлүгү улуттук баалуулуктарга басым жасагандыгы, элдин, жердин тарыхын тереңден үйрөнүүсү, ага болгон сый-урмат жана коргоо сезимдери менен тыгыз байланышкандыгында турат. Өлкө демократиялык маанайда өнүгүп жаткандыктан жаш муундарды да жарандуулуктун, мыйзамдарды, жүрүм-турум нормаларын урматтоонун жана мекенди сүйүүнүн духунда тарбиялоо зарыл. Ошондуктан билим берүү жана тарбиялоо ушул коомдун заманбап талаптарына шайкеш келүүсү тийиш. Окутуу жана тарбиялоо процессин айкалыштыруу менен келечек муундардын ар тараптуу билимдүү, инсандык бийик сапаттарга ээ болуп чыгуусу жалпы эле педагогикалык кызматкерлердин алдындагы чоң милдет болуп саналат. Ага байланыштуу бул макалада жаш муундарды тарбиялоонун артыкчылыктуу каражаттары, анын ичинде аймак таануу каражаты тууралуу баяндалат. Анткени жалпы билим берүүчү мекемелерде, жогорку жана орто окуу жайларында аймак таануу ишин жүргүзүү патриоттук тарбиялоого өбөлгө түзөт, билим алуучулардын дүйнөгө болгон көз-карашын кеңейтет жана таанып-билүү кызыкчылыктарын өнүктүрөт. Ошондой эле макалада аймак таануу каражаттарын сабактарда туура, максаттуу пайдалануунун жолдору иликтелет.*

***Негизги сөздөр:*** *аймак таануу, патриоттук тарбия, билим берүү, тарбия, экскурсия, сабак, мектеп, кружок, окуучу, каражат.*

*Процесс развития современного кыргызского общества тесно связан с глубоким изучением истории народа, земли, с чувством уважения и защиты. Вопросы образования и воспитания также должны соответствовать требованиям современного общества. Поскольку страна развивается в демократическом духе, необходимо воспитывать и молодое поколение в духе гражданственности, уважения к законам, нормам поведения и любви к Родине. Совмещая процесс обучения и воспитания, большой обязанностью педагогических работников в целом является то, что будущие поколения станут всесторонне образованными, обладающими высокими личностными качествами. В связи с этим в данной статье рассказывается о приоритетных средствах воспитания молодого поколения, в том числе о средстве краеведения. Ведь ведение краеведческих деятельности в общеобразовательных учреждениях, высших и средних учебных заведениях способствует патриотическому воспитанию, расширяет кругозор и развивает познавательные интересы обучающихся. Также будут изучены способы правильного, целенаправленного использования средств краеведения на уроках.*

***Ключевые слова:*** *краеведение, патриотическое воспитание, образование, воспитание, экскурсия, урок, школа, кружок, ученик, средства.*

*The process of development of modern Kyrgyz society is closely connected with a deep study of the history of the people, the land, with a sense of respect and protection. The issues of education and upbringing should also meet the requirements of modern society. Since the country is developing in a democratic spirit, it is necessary to educate the younger generation in the spirit of citizenship, respect for laws, norms of behavior and love for the Motherland. Combining the process of education and upbringing, it is a great responsibility of teaching staff in general that future generations will become comprehensively educated, possessing high personal qualities. In this regard, this article describes the priority means of educating the younger generation, including the means of local history. After all, conducting local history activities in general education institutions, higher and secondary educational institutions contribute to patriotic education, broadens the horizons and develops the cognitive interests of students. The methods of correct, purposeful use of the means of local history in the classroom will also be studied.*

***Key words:*** *local history, patriotic education, education, upbringing, excursion, lesson, school, circle, student, means.*

Мекенчилдик түшүнүгүн адамдын өз мекенинин гүлдөп-өсүшүнө багытталган көз караштарынын, идеяларынын, сезимдеринин, эмоцияларынын жана ишенимдеринин жыйындысы катары түшүнүү туура. Совет доорунун тушунда мекенчилдикке тарбиялоо иштери аскерге даярдык сабактары менен да тыгыз айкалышчу. Окуучуларга аскердик тарбия берүүнүн маңызы Советтик Армиянын катарында кызмат кылууга даярдоого, «Ата мекен» деп аталган өзөктүү түшүнүктүн алдында сыймыктануу сезимин калыптандырууга, аны коргоого дайыма даяр турууга негизделген болчу. Мекенчилдик педагогикада инсандын эң жогорку баалуулугу катары кабыл алынат. Мекенчилдиктин маңызы биринчи кезекте анын руханий көрүнүшү менен да чечмеленет [1, 31-б].

Жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо проблемасы адамзат коомунун бардык этаптарында актуалдуу. Учурдагы коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндөгү кардиналдуу кайра түзүүлөргө байланыштуу бул проблема өзгөчө мааниге ээ болуп олтурат. Аталган маселени улуттук тарбиялык идеалдын контексинде чечүү, окуучуларды ар тараптуу өнүктүрүү процесси кайсы алкакта, кандай шарттарда натыйжалуу болушу үзгүлтүксүз каралып келүүдө. Билим берүү тармагында болсо жаш муундарды билим,

тарбия берүүнүн бардык каражаттары, анын ичинде аймак таануу каражаттары аркылуу жүзөгө ашырууга аракет жасап жатышат. Себеби гуманитардык-эстетикалык циклдин дээрлик бардык предметтеринде өзүнчө аймак таануу мүнөзүндөгү модулдары бар [2, 18-б.]. Негизи билим берүү мекемелеринде аймак таануу каражаты мекенчилдикти калыптандырууга өбөлгө түзгөндүгү, предметтик сабактарды окутуудагы артыкчылыгы мурунтан эле аныкталган.

Ошондуктан жалпы эле окутуу процессинде аймак таануу каражаттарын пайдалануу үчүн адегенде анын маңызын билүү зарыл. Тактаганда, аймак таануу ишинде билимдин ажырагыс объекти болуп адамдар алардын эмгектери, негизги окуялар, тарых, маданият эсептелет. Ал эми жергиликтүү аймак таануу – тигил же бул аймак жөнүндөгү билимдердин жыйындысы, анын табиятын, тарыхын, экономикасын, турмушун изилдөө. Мурда жергиликтүү тарых негизинен тигил же бул аймактын жаратылыш шарттарын изилдөө катары түшүнүлсө, азыр бул түшүнүк абдан кеңири мааниде колдонулат. Педагогикалык адабияттарда, мектеп практикасында тарыхый аймак таануу үч багытка бөлүнөт. Атаганда окуу (сабактар, факультативдик сабактар), класстан, сабактан тышкаркы (жалпы жана адистештирилген край таануу кружоктору) жана мектептен сырткары (балдарга, өспүрүмдөргө, жаштарга кошумча билим берүү уюмдары, атайын билим берүү уюмдары) деп аталган багыттар [3, 65-68-бб.]. Бул үч багытта иш алып баруу менен мугалим мектеп окуучуларынын мекенчилдик сезимдерин калыптандырууда уюштуруунун формалары менен методдорун максималдуу колдонот [4, 133-134-бб.].

Ага байланыштуу билим берүүнүн негизги формасы болгон сабактарды өтүүдө жана сабактан тышкаркы убактарда край таануу материалдарын туура тандоо жана системалаштыруу маанилүү. Мисалы, тарых предмети боюнча программага ылайык, окутулган жергиликтүү тарых менен жалпы тарыхый материалдын ортосундагы өз ара байланыштарды орнотуу мааниге ээ. Тарых сабагында берилүүчү материалды жандандыруу үчүн өлкө тарыхынын мисалдарын колдонуудан баштап, толугу менен жергиликтүү тарых материалдарынын негизинде атайын сабактарды өткөрүүгө чейин уланып барат. Аймактагы элдик каада-салттарды, элдик оозеки жана жазма чыгармачылык, көркөм адабият, аймактан чыккан белгилүү акын, журналисттердин биографиясы, адабий чыгармачылыктары боюнча жыйналган материалдарды пайдалануу менен адабият сабагын өтүүгө, жалпы эле көркөм өнөрдүн өнүгүшүн үйрөтүүгө болот. Бул мисалдардан көрүнүп тургандай, азыр аймак таануу билим берүү стандарттарынын аймактык компонентинин ажырагыс элементине айлангандыгын жана ал аймактын оригиналдуулугун (география, геология, экология, тарых, тил, көркөм адабият жана фольклор, искусство ж.б.) чагылдырып калгандыгын биле алабыз. Ошондой эле аймак таануу каражатын бардык эле предметтерде кенен пайдаланып, сабактын жугумдуулугун арттырууга боло тургандыгы да көрүнүп турат. Ушул жерден мектепте аймак таануу ишине даярдануу аймак таануу окуу-тарбия маселелерин чечүүнүн эффективдүү жолу гана болбостон, ар бир мугалимдин окуучулар менен бирге илимий изилдөө иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү экенин да эстен чыгарбоо керек [5, 180-182-бб.].Мындай учурда окуучулар менен биргеликте экскурсияларга атайын план түзүп, чыгуу маанилүү. Экскурсиянын максаты бул учурда изилденип жаткан объектини, кубулушту ар тараптан терең изилдөөнү камтыйт. Экскурсияны өткөрүү даярдоонун жана уюштуруунун сапатына көз каранды болот. Окуу экскурсиясын өткөрүү акырындап жүрүп системалуу түрдө мектепте орун алса, андан аны узак мөөнөттүү экспедицияны уюштурууга алып барат. Бирок бул ишти учурда бардык эле билим берүү мекемелери колго ала элек.

Предметтик сабактарды окуу экскурсиясы аркылуу өтүүгө болот. Бул экскурсия өндүрүштүк, табигый-илимий, тарыхый-адабий, аймак таануу, комплекстик болуп бөлүнөт. Өндүрүштүк экскурсия физика, химия, биология, математика предметтери боюнча айрым өндүрүштүк процесстин өтүп жаткан жерине (завод, фабрика, курулуш, айыл чарба объектилери) түздөн-түз баруу менен ар тараптан изилдөө максатында уюштурулат. Мисалы, жылуулук системасынын иштеши, иче турган суунун тазаланышы ж.б. Табигый илимий экскурсия биология, география, экономика предметтеринин айрым материалдарын терең түшүнүү максатында уюштурулат. Экскурсия талаага, дарыяларга, көлгө, тоолорго жана башка объектилерге жүрүш жасоо менен өтөт. Мында тиешелүү үлгүлөр жыйналып, зарыл болгон маалыматтар өлчөөчү инструменттердин, аппараттардын жардамы менен жеринде чогултулат. Объектинин негизги мүнөздөмөлөрү, параметрлери аныкталат. Тарыхый-адабий экскурсия адабияттын, тарыхтын окуу материалдарын терең өздөштүрүү үчүн уюштурулат. Бул учурда экскурсия көркөм маданияттык көргөзмөлөрүнө, галереяларга, архивдик мекемелерге жана тарыхый эстеликтерге баруу менен ишке ашырылат. Ал эми аймак таануу экскурсиясы түздөн-түз аймактын жаратылышын, тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрүн изилдөө, таанып-билүү максатында уюштурулат. Мында жергиликтүү фауна, флора, климат, кен байлыктар изилденет. Ошондой эле тарыхый эстеликтер, археологиялык жайлар, маданият ишмерлерине таандык жайлар иликтенет. Комплекстүү экскурсия бир эле мезгилде бир нече предмет боюнча уюштурулат.

Мектептердеги сабак-экскурсиялар кадимки экскурсиялардан айырмаланып үй тапшырмасын суроо, жаңы материалды өтүү, билимдерди бекемдөө жана

үй тапшырма берүү сыяктуу сабактын бардык атрибуттарын камтыйт. Сабак-экскурсиянын мектептеги салттуу сабактан айырмасы негизги маалыматтык булак китеп гана эмес нукура эстеликтердин болушунда жана аларды балдардын өз көздөрү менен көрүп, колу менен кармап сезиши, эмоционалдуулугунда жатат. Мында начар окуган бала да сабакты мыкты түшүнүүсүнө шарт жаралат. Демек курчап турган чындыктын ар кандай объектиси (предметтер, буюмдар, үндөр, окуялар, көркөм өнөр чыгармалары, кубулуштар) тарбиялануучуга өзүнөн өзү таасир этет [6, 312-б.]. Мисалы, 5-7-класстарда окуучулардын жаш өзгөчөлүгү окуу материалдарын максималдуу конкреттештирүүнү, образдуулукту талап кылат. Сабак-экскурсия учурунда аларга эң типтүү экспонаттардын эскизин уюштуруу, байыркы буюмдарды азыркы мезгилдеги буюмдардан айырмалоого үйрөнүү милдети мугалим тарабынан коюлат. Өспүрүм балдар бул тапшырманы абдан кызыгуу менен аткарышат. Натыйжада аң-сезимдүү мекенчилдик сезимдердин калыптанышы окуучулар сабак-экскурсияларда же атайын экскурсияларда жүргөн мезгилдерде жүзөгө ашат.

Совет доорунун 70-80-жылдарында аймак таануу материалдарын салттуу сабактардын өзүндө колдонуу боюнча бир топ методикалык мүнөздөгү адабияттар жарык көргөн. Ал адабияттарда мисалы, орус тили сабагында материалдарды диктант, дил баян жаздырууда, белгилүү бир теманы өтүүдө пайдаланууга болоору көрсөтүлөт [7, 155-б.]. Мугалимдердин тажрыйбасында көрсөтүлгөндөй, математика сабагында жасалган тарыхый экскурсиялар математикага болгон кызыгууну арттырып, сабакты жандуу, кызыктуу кылаары бир топ сабактардын мисалдары менен берилген. Математика илимин жараткан көптөгөн илимпоздордун эмгектери жаштарды өз алдынча чыгармачылыкка үлгү болуп,тайманбас илимий эрдикке үндөп, максатка жетүүдө өжөрлүккө тарбиялашы аныкталган [8, 3-б.].

Класстан тышкаркы край таануу иштери окуучулардын индивидуалдык таанып билүү кызыкчылыктарын канааттандырууга, ар бир окуучунун инсандыгын өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды уюштурууга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, окуучулардын сабактан кийинки бош убактысын уюштуруу маселелерин чечүүгө, күндүзгү мектептин көйгөйлөрүн чечүүгө салым кошот деп да ишенимдүү айтууга болот. Край таануу боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун негизги формасы болуп ийримдер эсептелет. Ийримдер жалпы жана атайын адистештирилген болуусу мүмкүн. Ийримдерде окуучулар менен иштөө чынында тарбиялык маселени гана эмес чыныгы илимий маселени чече тургандай да уюштурулушу маанилүү. Сабак-экскурсиялар же болбосо класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө музейлер өзгөчө роль ойнойт. Мектептик аймак таануу, адабий, адабий-мемориалдык, күжүрмөн даңк, тарыхый жана башка профилдердеги музейлер, ошондой эле мамлекеттик деңгээлдеги музейлерди баарын билим берүүнүн жана тарбиялоонун процессине кошуу керек. Музейге келген ар бир окуучуда терең эмоционалдык сезимдер жаралып, өткөнгө таң калуу, сукталуу менен карап, алардын жардамы менен алдыга умтулуу жаралат.

Жогоруда белгиленгендей аймак таануу каражаттарын мекенчилдикке тарбиялоонун жүрүшүндө натыйжалуу пайдалануунун бир топ жолдору, ыкмалары каралды. Ошол эле учурда изилдөөнүн жүрүшүндө бир топ милдеттер тургандыгы да ачыкталды. Алар төмөнкүлөр:

- Аймак таануу максатында иштерди уюштуруунун эффективдүү заманбап ыкмаларын издөө жана иштеп чыгуу;
- Активдүү практикалык иштер аркылуу мекенчилдикти өнүктүрүүгө орчундуу салым кошуу;
- Балдарды интеллектуалдык жактан өстүрүп өнүктүрүүчүлүк таасирин толук ишке ашырууга жетишүү;
- Инсандын жарандык милдеттерин аткарууда патриоттук багытын өнүктүрүү жана аны турмуштун түрдүү чөйрөлөрүндө бекем ишке ашыруу ж.б.

**Корутунду.** Ар бир инсандагы жеке өнүгүү дайыма өз элинин социалдык-маданий мейкиндигинде жүзөгө ашат. Балдарда алгачкы мекенчилдик сезимдер өз мекени жөнүндө кызыктуу маалыматтар жана жандуу эмоционалдык тажрыйбаларды өткөргөн жеринде өөрчүйт. Бул көрүнүштүн өзү край таануу каражаттарынын натыйжасында мекенчилдикке болгон сезимдеринин күчөшүнө алып келет. Аймак таануу иши тарбиялоо процессинде социалдык жана педагогикалык аспектилерде каралып, инсандын өнүгүүсүндөгү социомаданий, жекече, перспективалуулугу менен да өзгөчө айырмаланат. Ошондуктан край таануу каражаттары аркылуу мекенчилдикке тарбиялоо окуу-тарбия иштерине карата системалык-комплекстик мамиленин талаптарына жооп берген алдыңкы иштиктүү аракеттер катары баалоого болот.

Аймак таануу каражаттарынын мекенчилдикке тарбиялоо аракеттери совет доорунан түптөлүп, окуучуларга билим берүүдө колдонуунун натыйжалуулугу белгилүү болгон. Анткени менен бул иштердин эгемендүүлүктүн бүгүнкү күнүндө туруктуу уланып келе жатат деп айтууга болбойт. Анын себептери бир тарабынан мугалимдердин интеллектуалдык деңгээли, изденүүчүлүгүнө жана материалдык тараптардан көз каранды болуп жаткандыгында деп түшүнүүгө болот. Ошондуктан аймак таануу каражаттарын сабактарда интерактивдүү ыкма катары жаңылап колдонуу азыркы билим берүүнүн дагы бир ынанымдуу жолу катары алдыда күтүлөт.

Ал эми музейлердин азыркы коомдун тарыхый

аң-сезимин калыптандыруудагы ролун тереңдетүүдө, аны өзгөртүүгө таасир этүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө, өсүп келе жаткан муундарды мекенчил кылып тарбиялоого карата ролу абдан эле жогорулады. Ага байланыштуу музейлердин илимге, билимге, тарбияга болгон таасиринин күчөшүнө жараша келечекте жогорку, атайын орто, жалпы билим берүүчү мекемелерде коомдук башталышта музейлерди уюштуруу жана иштетүү активдешет деп айтууга толук негиз бар.

**Адабияттар:**


1. Сергеева В.В. Научно-педагогические основы формирования патриотической культуры будущих педагогов в вузе. - Павлодар, 2018. - С. 285.
2. Кобыляцкая Т.В. Роль краеведения в современной системе образования и формировании региональной идентичности. // Первая городская научно-практическая конференция. - Ульяновск, 2021. - С. 31.
3. Репинецкая Ю.С. Краеведение как фактор формирования патриотизма старшеклассников. // Поволжский педагогический вестник. 2015.- №4(9). - С. 65-68.
4. Нурмухамбетова А.С. Формирование патриотизма средствами краеведения. //Современная высшая школа: инновационный аспект. Казакстан. 2018, Т. 10. № 2. С.133-134.
5. Матюшин Г.Н. Историческое краеведение. - М.: Просвещение, 1987. С. 200.
6. Акматов К., Бабаев Д., Кимсанов К. Педагогика. - Б., 2019. 479-б.
7. Лазарука М.А. Патриотическое воспитание на уроках литературы и во внеклассной работе. - М.: Просвещение, 1985. - С. 198.
8. Чистяков В.Д. Исторические экскурсы на уроках математики. - Минск, 1969. - С. 103.
9. Эсенаманова Ж.Ж. Патриотизм как социологический показатель. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 1. С. 91-96